**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**АК-ТАЛАА РАЙОНУ**

**ТОГОЛОК-МОЛДО АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТОГОЛОК-МОЛДИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Тоголок Молдо айыл аймагынын депутаттарынын**

**айылдык кенешинин депутаттарынын II-сессиясынын**

# Т О К Т О М У

**2026-жылдын “02” март** **№ 2/3** **Жаны-Талап айылы**

**Тоголок-Молдо айыл аймагынын Кара-Ой айылындагы маданият жана тарыхый эстеликтери болгон Тоголок Молдонун (Абдырахман у Байымбет) күмбөзүн мамлекеттик коргоого алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 26-июль 1999-жылдагы “Тарыхий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө” № 91 мыйзамынын 10-беренесине жана Кыргыз Республикасынын 15-июль 2011-жылдагы “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү” №101 мыйзамынын 47-беренесинин 1-пункттунун 3-пунктчасына ылайык маданият жана тарыхий эстеликтерин коргоого алуу боюнча Тоголок-Молдо айыл аймагынын Кара-Ой айылындагы **Тоголок Молдонун (Абдырахман у Байымбет)** күмбөздөрү республикалык маанидеги тарыхий эстеликтерге киргизүү жана коргоого алуу максатында **Тоголок-Молдо айылдык кенеш токтом кылат:**

1. Тоголок-Молдо айыл аймагынын Кара-Ой айылында жайгашкан кыргыздын белгилүү уулу акын **Тоголок Молдонун (Абдырахман у Байымбет) күмбөзү** тарыхый маданий мурас обьектиси деп таанылып.тарых жана архитектуралык мааниси бар эстеликтердин тизмесине киргизилсин.
2. Тоголок Молдонун (Абдырахман у Байымбет) күмбөзү жана жайгашкан жер тилкелери боюнча мамлекеттик акт алынып, Ак-Талаа райондук маданият бөлүнүнүн балансасына алынсын.
3. Токтомду аткарууга алуу архиеологиялык эстеликтин укук күбөлөндүрүүчү документтерин (мамлекеттик гос акт) бүткөрүү Тоголок-Молдо айыл өкмөтүнүн башчысы А.Акматовга тапшырылсын.
4. Ушул токтом www.toqolok-moldo.qov.kg веб сайтына жайгаштырылсын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укутук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Нарын облустук юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөрүлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдүккө алуу регламент,депутаттык этика жана мандат, мызамдуулукту укук тартибин сактоо,жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрайым** **Г.Бегимкулова**

---

Жиберилди: иш кагаздарга,айыл өкмөтүнө, Ак-Талаа райондук маданият үйүнө